DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Кадыров Акжол*

# «КЫЗЫЛ-КЫЯ» КӨМҮР КЕНИНИН КАЛКТЫН СОЦИАЛДЫК АБАЛЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖУМУШЧУ ТАБЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

*Кадыров Акжол*

# ВОЗДЕЙСТВИЕ УГОЛЬНОГО РАЗРЕЗА «КЫЗЫЛ-КЫЯ» НА СОЦИАЛЬНОЕ ПОЛОЖЕНИЕ НАСЕЛЕНИЯ И ФОРМИРОВАНИЕ МЕСТНОГО РАБОЧЕГО КЛАССА

*Akzhol Kadyrov*

# THE IMPACT OF THE «KYZYL-KIYA» COAL MINE ON THE SOCIAL STATUS OF THE POPULATION AND THE FORMATION OF THE LOCAL WORKING CLASS

*УДК: 94:330/114.26 (575.2)(04)*

*Аталган макалада Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин жанданышы менен көмүр казып алуунун көбөйүшү жана көмүр кенинин жергиликтүү калктын социалдык абалына, турмуш-тиричилигинин жакшырышына тийгизген таасирлери изилденген. Кыргызстанда көп улуттуу жумушчу табынын түзүлүшү – анын өнөр жай тармактарын өнүктүрүү менен гана чектелип калбастан, өлкөнүн ар кандай башкаруу системаларына да активдүү катышып, өлкөнүн стратегиялык өнүгүүсүн аныктоо, өнүгүүнүн беш жылдык пландарын кабыл алуу, мамлекеттин ички жана тышкы саясатын жүргүзүү, башкаруу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, соода, тейлөө, маданият, калктын турмуш-тиричилигин жакшыртуу сыяктуу маселелерди да талкуулап, ал боюнча тиешелүү чечемдерди кабыл алып жана анын аткарылышын көзөмөлдөп да турган. «Кызыл-Кыя» көмүр кенинде көмүр өндүрүүнүн өсүшү менен анда иштеген жумушчулардын саны да көбөйүп, натыйжада жалаң гана ушул кесипти аркалаган пролетариат табы калыптанган. Алардын коомдогу орду жана коомдук, мамлекеттик иштерге катышуусу иликтенип, алардын арасынан атактуу адамдардын чыккандыгы белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *көмүр, Кызыл-Кыя, шахтёр, Ардак грамота, инженерлер, студент, Кыргызстан.*

*В данной статье рассматривается влияние активизации угольного разреза Кызыл-Кия в первые годы советской власти на увеличение добычи угля и социальное положение местного населения, и повышение уровня жизни. Формирование многонационального рабочего класса в Кыргызстане не ограничивается развитием его промышленных отраслей, но и активно участвует в различных системах управления, определяя стратегическое развитие страны, принимая пятилетние планы развития, проводя внутреннюю и внешнюю политику, управление, образования, обсуждались также такие вопросы, как здравоохранение, торговля, услуги, культура, повышение уровня жизни населения, принимались по ним соответствующие решения и осуществлялся контроль за их выполнением.С ростом добычи угля на Кызыл-Кийском угольном разрезе увеличилось количество рабочих, в результате чего образовался пролетарский класс, занимавшийся только этой профессией. Исследовано их место в обществе и участие в общественных и государственных делах, отмечено, что некоторые из них были известными людьми.*

***Ключевые слова:*** *уголь, Кызыл-Кия, шахтер, Почетная грамота, инженеры, студент, Кыргызстан.*

*This article discusses the impact of the activation of the Kyzyl-Kiya coal mine in the early years of Soviet power on the increase in coal production and the social status of the local population and the improvement of living standards. The formation of a multinational working class in Kyrgyzstan is not limited to the development of its industrial sectors, but also actively participates in various management systems, determining the strategic development of the country, adopting five-year development plans, pursuing domestic and foreign policy, management, education, and discussed issues such as healthcare, trade, services, culture, raising the standard of living of the population, appropriate decisions were made on them and control was exercised over their implementation. With the growth of coal mining at the Kyzyl-Kii coal mine, the number of workers increased, as a result of which a proletarian class was formed, engaged only in this profession. Their place in society and participation in public and state affairs are investigated, it is noted that some of them were famous people.*

***Key words:*** *coal, Kyzyl-Kiya, miner, Certificate of Honor, engineers, student, Kyrgyzstan.*

Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде Кыргызстандын көмүр кендеринде иштеген шахтёрлордун негизги курамы жергиликтүү калктын өкүлдөрү болгондуктан, алардын квалификациялык деңгээли төмөн болгон. Алар кышкы сезондо гана иштеп, жаз-жай айларында айыл чарба жумуштарына кетип калышкан. Алардын арасында инженердик-техникалык адистер дээрлик жок болгон.

XX к. башында «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин иштей башташы менен бул аймактын экономикалык жана саясий жактан өнүгүүсүнүн жаңы этабы башталат.

Капиталисттик мамилелер менен кошо жаңы технологиялар: көмүрдү лебедканын жардамы менен сыртка чыгаруу, темир жолу аркылуу ташуу, чакан электростанция, брикет фабрикасы сыяктуу ачылыштар жергиликтүү калктын аң-сезимине, күнүмдүк турмуш-тиричилигине олуттуу таасир эте баштайт.

Көмүр казып алуу канчалык көбөйгөн сайын ага ошончо жумушчу күчү керек боло баштаган. Ошондуктан ишкерлер жумушчуларды жергиликтүү элдин арасынан ала баштаган. Натыйжада көмүр кенинин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ишке кириши менен жергиликтүү калк жаңы жумушчу кесибин аркалай баштаган. Ошентип, байыртадан бери карай ата-бабаларынан тарта мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен гана шугурланышып келишкен жергиликтүү калктын арасынан көмүр казуу менен алектенген жумушчу табынын жаңы өкүлдөрү пайда боло баштайт.

Алгачкы жумушчулар кембагал жашаган жергиликтүү калктын өкүлдөрү болгон. Дыйканчылык жерлери ири жер ээлеринин колдорунда болгондуктан, дыйкандар алардын жерлерин ижарага алуу менен гана иштеткен. Аны үрөн, унаа, шайман менен ижарачы өзү камсыздап, түшүмдү жыйноо, тазалоо иштерине чейин өзү аткарган. Акырында ижарачы алынган түшүмдүн үчтөн бирине гана ээ болгон. Жер иштетүү деңгээлинин төмөндүгү, минералдык азыктар менен камсыздалбагандыгы түшүмдүн аз камсыз болушун шарттаган. Ошондуктан дыйкандардын эмгеги алардын керектөөлөрүн камсыз кыла албаган. Натыйжада ижарачы дыйкандардын арасында айыл чарба пролетариаты пайда болгон.

XX к. башында Фергана өрөөнүнө Россия дыйкандарынын көчүрүлүп келиши менен дыйкандардын жерге болгон муктаждыгы дагы күчөй баштаган.

Түштүк Кыргызстанда көмүр кендеринин пайда болушу жылдык эмгегинин натыйжасында өз үй-бүлөсүн камсыздай албаган ижарачы дыйкандарды шахтага түшүүгө аргасыз кылган.

Алгач көмүр кендеринде жергиликтүү калктын жакыр катмарлары гана иштеген болсо, кийинчерээк кенге жакын айыл-кыштактардын дыйкандары да келе баштаган. Мисалы, «Кызыл-Кыя» көмүр кени ачылганга чейин мында бир гана тейит урууунун өкүлдөрү жашап, алар гана иштеген болсо, XX к. башында Караван, Кувасай, Үч-Коргон ж.б. жакын айылдардан найман, кыпчак, төөлөс, оргу, каңды ж.б. уруулардын өкүлдөрү көчүп келип, шахтада иштей баштайт.

Ошентип, «Кызыл-Кыя» көмүр кенинин ачылышы менен бирге бул аймакта жумушчулардын чакан шаарчасы пайда болот жана бул шаарчанын пайда болушу Кыргызстандын түштүк аймагында биринчилерден болуп, көмүр өнөр жай тармагынын жана өнөр жайлуу ири шаардын пайда болушуна негиз болгон.

Бирок көмүр кенде иштеген дыйкандардын көпчүлүгү өздөрүнүн дыйканчылык же мал чарбачылык жумушунан кол үзө алышкан эмес. Анткени, шахта убактылуу кыш мезгилинде гана иштеген. Себеби: жаз мезгилинде көмүргө суроо-талап болгон эмес. Экинчиден, убактылуу кен жумушунда иштеген шахтерлордун эмгек акылары да алардын үй-бүлөсүн жыл бою камсыздоого жеткен эмес. Үчүнчүдөн, ата-бабаларынан бери карай дыйканчылык, мал чарбачылыгы менен тиричилик кылып келишкен жергиликтүүлөр дароо эле жаңы кесипке байыр алышкан эмес.

Статистикалык маалыматтар боюнча Улуу Октябрь революциясына чейинки мезгилдеги жумушчулардын басымдуу бөлүгү орус улутундагыларга туура келген, ал эми жергиликтүү улуттун өкүлдөрү убактылуу жумушчулар катары эсептелип, алар эң оор, кыйын жумуштарды аткарышкан жана ал үчүн жарыбаган гана эмгек акы алышкан. Анткени дүйнөлүк биринчи согушка чейин «Кызыл-Кыя» көмүр кени кышкы сезондо гана иштеп, жай мезгилинде көмүргө суроо-талап болбогондуктан толук кандуу иштеген эмес. Ошондуктан бул жумушка тартылган жергиликтүү айылдардын өкүлдөрү октябрь айынан баштап, апрелге чейин убактылуу гана жумушка тартылган. Ал эми бул шарт жергиликтүү дыйкандар үчүн бир топ ыңгайлуу болгон. Анткени алар жай мезгилинде өздөрүнүн дыйканчылык иштери менен алектенип, кыш мезгилинде убактылуу болсо да жумуш менен камсыз болуп, кошумча эмгек акы алган. Ал эми бул жумушту аркалаган айрым дыйкандар бара-бара бул кесипти өздөштүрүп, кийин биротоло жумушчу табынын курамында калган.

Полковник Фавицкий: «кыргыз жумушчулары жакшы иштейт, алар чукулдукту чебердик менен колдонуп, көмүрдү жакшы казышат [1, 18-б.]» - деп белгилеген.

Кыргызстандын көмүр өнөр жайынын жумушчу табы бир гана кыргыз кембагалдарынан эмес, Орто Азиядагы өзбек, тажик элдеринин, ошондой эле жер которуп келген орус дыйкандарынын жакыр катмарынан да куралган. Алар дыйканчылык жерлеринин жетишсиздигинен шахтага келүүгө аргасыз болгон [2, 346-б.]. 1908-ж. Кыргызстандын көмүр кендеринде татарлар иштеген. Алар теги уфалык жана казандык Волга боюнун мурдагы бурлактары болгон.

Кызыл-Кыя шахтасынын негизделишинен улам көмүргө болгон суроо талап күч алып, мында көмүр өндүрүүгө өзгөчө көңүл бурула баштаган. Официалдуу маалымат боюнча 1908-ж. «Кызыл-Кыя» көмүр кенинде 95 жумушчу иштеген болсо, 1914-ж. жумушчулардын саны 654кө жеткен [3, 16-б.].

Бул көйгөйлүү маселени жергиликтүү улуттук калктын эсебинен чечүү үчүн 1927-жылы Кызыл-Кыя шаарында уюшулган тоо-кен окуу жайы тоо-кен техникасы боюнча 20 өспүрүмдү механизатордук адистикке даярдай баштаган. «Кызыл-Кыя» көмүр кениндеги №4 шахтада 26 забойщикти жана крепильщикти даярдашкан. 1928-жылы Ташкент университетинде ачылган тоо-геологиялык бөлүмү Орто Азиянын, анын ичинде Кыргызстандын көмүр өнөр-жай ишканалары үчүн адистерди,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



инженерлерди жана техниктерди даярдай баштаган.

Ошентип, 1929-жылдан баштап Кыргызстандын көмүр өнөр жай ишканаларынын жумушчу табынын калыптануусунун жаңы этабы башталат. Өлкөдө көмүр өнөр жай ишканаларынын тармагынын кеңейиши жана жаңы технологиялардын киргизилиши менен жумушчулардын сандык, сапаттык көрсөткүчтөрү гана жогорулабастан, алардын маданий-техникалык деңгээли да жогорулай баштаган.

Кыргызстанда 1928-1929-жж., 2615 шахтёр болгон болсо, 1929-1930-жж. алардын саны 3791ге жеткен [4, 67-б.]. Ал эми 1930-жылы «Кызыл-Кыя» көмүр кениндеги жумушчулардын курамында 245 кыргыз, 160 өзбек улутунун өкүлдөрү болгон [5, 207-208-бб.]. Бул цифралар жергиликтүү калктын арасынан жумушчу кадрлардын санынын өскөндүгүн далилдейт.

Ал эми 1930-жж. «Кызыл-Кыя» кен башкармалыгында иштеген жумушчулардын саны 3000ден ашып, а.и. жергиликтүү улуттун өкүлдөрү 20%ды түзгөн [6, 65-б.].

| Кварталдар | Жумушчулар саны | орустар жана украиндер | | кыргыздар | | Өзбектер | | казактар | | тажиктер | | түркмөндөр | | жергиликтүү улуттардын баары | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| I | 3014 | 2585 | 75,5 | 167 | 3,5 | 194 | 6,4 | 6 | 0,3 | 64 | 2,3 | 1 | 0,03 | 429 | 14,5 |
| II | 3154 | 2803 | 88,5 | 138 | 4,2 | 140 | 4,3 | 65 | 2,6 | 13 | 0,4 | 2 | 0,07 | 351 | 11,5 |
| III | 3095 | 2727 | 88 | 145 | 4,4 | 130 | 4,2 | 72 | 2,8 | 18 | 0,5 | 4 | 0,13 | 368 | 12 |
| IV | 3010 | 2341 | 77,8 | 246 | 8,2 | 141 | 4,6 | 268 | 8,9 | 13 | 0,4 | 1 | 0,03 | 669 | 22,2 |

Бул цифралар көрсөтүп тургандай ошол мезгилде жумушчулардын санынын көбөйүшү «Кызыл-Кыя» кен башкармалыгынын географиясынын бир топ кеңейгендигин белгилейт жана жергиликтүү жумушчу табынын өкүлдөрүнүн санынын өсүшү да бул тармакка жана жаңы жумушчулук кесипке жергиликтүү калктын кызыгуусунун арткандыгын көрсөтөт.

1931-жылдын июлунда өткөн ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун пленуму өнөр жайында квалификациялуу кадрларды даярдоо жөнүндөгү маселени караган. Пленумдун токтомунда: «Жаңы гигант шахталардын ишке киргизилип жаткандыгына байланыштуу 1938-жылга карата 25 миңге жакын квалификациялуу кадрлар жана 200 инженер-техникалык адистер керектелет. Бул багытта кадрларды даярдоону ишке ашыруу жана тоо кен адистиги боюнча кеминде 1000ден кем эмес окуучуну даярдоону баштоо боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүүнү Пленум трестке милдеттендирген... Кыргыз АССРинин Эл агартуу комитетине жана трестке кадрларды кайра даярдоо боюнча фабрикалык-заводдук окуу курстарынын тармагын кеңейтүүнү, Орто Азиялык мамлекеттик университетке окуучуларды жөнөтүүнү сунуш кылган [7, 402-б.].

Жогорудагы милдеттерди турмушка ашыруу жана кадрларды даярдоону тездетүү максатында 1931-жылы Кызыл-Кыяда тоо-кен техникуму ачылып, ага 150 студент кабыл алынган. Ушул жылы тоо-кен окуу жайынын тармагы кеңейтилип, ага 200 адам кабыл алынган жана бул окуу жайынын алдында техникалык адистердин квалификациясын жогорулатуучу 9 айдан бир жылга чейинки мөөнөттөгү ар кандай курстар уюштурулган.

Мамлекет тарабынан көрүлгөн мына ушундай камкордуктардын натыйжасында республиканын көмүр өнөр жайында иштеген жумушчулардын саны өскөн. 1933-жылы жумушчулардын саны 4892ге жеткен, анын ичинен кыргыздар 49,6%ти түзгөн. 1933-жылы «Кызыл-Кыя» көмүр кениндеги жумушчулардын курамында 270, Сүлүктүдө 475 кыргыз болгон. Бардык көмүр кендеринде көмүр казуучу машинисттердин, забойщиктердин, крепильщиктердин, электрослесарлардын курстары уюштурулган. Бул квалификацияларда окуган кыргыздар үчүн атайын кыргыз тилинде окутуучу бөлүмдөр ачылган. 1934-жылы «Кызыл-Кыя» көмүр кениндеги курстарда окугандардын көпчүлүгү кыргыздар болгон. Мисалы: слесарь адистигиндеги 40 угуучунун 24, 16 забойщиктин 15 кыргыздар болгон [8, 23-б.].

«Кызыл-Кыя» көмүр кенинин иштей башташы менен бул чөлкөмдө жаңы жумушчу табынын өкүлдөрү калыптана баштаган. 1930-жылдардан баштап, көмүр өндүрүү канчалык көбөйгөн сайын,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мында иштеген жумушчулардын саны да ошончолук көбөйө баштаган. Ар кандай курстарды окутуунун натыйжасында өз адистигин мыкты өздөштүргөн квалификациялуу жумушчулардын тобу калыптанган.

1940-ж. республика боюнча көмүр казып алуу 1937-ж. салыштырмалуу 1,5 эсе жогорулап, эмгек өндүрүмдүүлүгү 27%га өскөн, көмүрдүн тоннасынын өздүк наркы ошол жылга салыштырганда 9,3%га төмөндөгөн [9, 244-б.].

Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашынын натыйжасында жумушчулардын эмгек акысы да жогорулаган. Эмгек шарттары жакшырган. Анын натыйжасында эмгекти механизациялаштыруу жараяны жүрө баштаган. 1940-ж. Кыргызстандын көмүр кендеринде казылган көмүрдүн 90%га жакыны механизациялаштыруу жолу менен алынган. Кызыл-Кыяда 1940-ж. 1913-ж. салыштырганда көмүр 12,2 эсе көп казылган [10, 16-17-бб.].

Мына ушундай ийгиликтердин натыйжасында эмгекчилердин материалдык абалы жана маданий деңгээли жогорулаган. 1940-жылы «Кызыл-Кыя» кен башкармалыгы тарабынан 10 квартиралуудан 5 үй, 6 квартиралуудан 5 үй, жумушчулар үчүн 40 орундуу жатакана курулуп, пайдаланууга берилген [11, 56-79-бб.]. Ушул эле жылы ашкана жана дүкөн курулуп, иштей баштаган. Эл керектөөчү товарлардын ассортименти көбөйгөн.

Көмүр казуу менен өнөр жай тармагына салым кошкон алдыңкы өнөр жай кызматкерлерин мамлекет жетекчилери Октябрдын 15 жылдыгына карата ССР Союзунун орден, медалдары менен сыйлашкан. Сыйлангандардын арасынан үчөө кызыл-кыялыктар болгон: забойщик Замараев, бригадир Максум Шамурга жана жумушчу Гравдюк. Алар Совет мамлекетинин Эмгек Кызыл Туу орденине татыктуу болушкан. Мындан тышкары 28 шахтёр Ардак Грамота, 133ү төш белги менен сыйланып, 2560 шахтёр «күжүрмөн жумушчу» наамына ээ болушкан.

Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде Кызыл-Кыяда кара алтынды казып алууну көбөйтүүнүн натыйжасында мында иштеген жергиликтүү жумушчу табынын саны да, курамы да барган сайын көбөйгөн. Жумушчу табы жумушчулардын балдарынын, эмгек мобилизациялары боюнча ишканаларга ыктыярдуу түрдө келишкен шаардын жана өзгөчө айылдык майда буржуазиялык элементтердин эсебинен, ошондой эле жабылган мастерскойлордун кол өнөрчүлөрүнүн, жакырланган көчмөндөрдүн, дыйкандардын эсебинен да толукталып турган.

1932-жылы «Кызыл-Кыя» көмүр кендеринде иштеген 3010 жумушчунун 2341 (77,8%) орустар жана украиндер болгон болсо, кыргыздар 246 (8,2%), өзбектер 141 (4,6%), тажиктер 13 (0,4%) ж.б. болуп, жалпы жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү 669 (22,2%) болгон [12, 64-б.].

Жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү 1914-жылы мында иштеген жумушчулардын араң гана 2-2,5%ын түзгөн болсо, Совет бийлигинин мезгилинде алардын саны он эсеге жогорулагандыгын жогорку цифралар далилдеп турат. Совет өкмөтү кийинки жылдарда да жумушчулардын квалификациясын жогорулатууга, эмгек шарттарын жакшыртууга, эмгек акыларын жогорулатууга, турак-жай, турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртууга көңүл бура баштагандыктан, жумушчулардын саны да барган сайын көбөйүп, жумушчу табы өлкөдө негизги тап катары калыптана баштаган.

1926-ж. жана 1939-ж. эл каттоолор ортосундагы мезгил ичинде Кыргызстандын жумушчулар табынын курамында кыргыз жумушчуларынын саны 4359дан 22508ге чейин, же 5,2 эсе өскөн. 1926-ж. жумушчулар курамында саны жана салыштырма салмагы боюнча (26,5%) биринчи орунду кыргыздар ээлеген (ырас, алардын 96,5% жалчылар ж.б. айыл чарба жумушчулары болушкан). 1939-жылы жергиликтүү улуттардын (кыргыздар, казактар, өзбектер, тажиктер ж.б.) өкүлдөрүнүн үлүшүнө жалпысынан 31,8%, украиндерге – 14,9% туура келген [13, 310-б.]. Ошентип, Кыргызстанда XX к. 40-жылдары көп улуттуу жумушчу табы түзүлгөн.

Кыргызстанда көп улуттуу жумушчу табы түзүлүшү – анын өнөр жай тармактарын өнүктүрүү менен гана чектелип калбастан, өлкөнүн ар кандай башкаруу системаларына да активдүү катышып, өлкөнүн стратегиялык өнүгүүсүн аныктоо, өнүгүүнүн беш жылдык пландарын кабыл алуу, мамлекеттин ички жана тышкы саясатын жүргүзүү, башкаруу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, соода, тейлөө, маданият, калктын турмуш-тиричилигин жакшыртуу сыяктуу маселелерди да талкуулап, ал боюнча тиешелүү чечемдерди кабыл алып жана анын аткарылышын көзөмөлдөп да турган.

Бул маселеден кызылкыялык жумушчу табынын өкүлдөрү да четте калбастан, кайра анын чордонунда болушкан. Кызылкыялык жумушчу табынын өкүлдөрү шаардык, областтык башкаруу уюмдары менен кошо Кыргыз мамлекетинин башкарууга да катышкан. Алардын катарына Кыргыз мамлекетинин өнүгүүсүнө чоң салым кошуп, аны бир нече жыл башкарган Төрөбай Кулатовду, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, Кыргыз Эл

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Баатыры Апсамат Масалиевдин ысымдарын сыймыктануу менен атоого болот.

Кызыл-Кыя көмүр кенинде жумушчулук кесипти мыкты өздөштүрүү менен бирге өз кесибинин устаты катары кеңири таанылган инсандардын катары улам арбып олтуруп, алардын арасынан айрымдары мамлекеттик сыйлыктарга, наамдарга ээ болгон. Алардын катарына Социалисттик Эмгектин Баатырлары – Сатыбалдыев Алтымышты, Абдувалиев Мусаны жана Е.Ф. Чернышевди кошууга болот.

Ошентип, Кызыл-Кыя шаарынын жергиликтүү жумушчу табы – өнөр жай, курулуш, транспорт ж.б. тармактарды жогорулатуу менен гана чектелбестен шаардык, областтык башкаруу уюмдары менен кошо Кыргыз мамлекетинин башкарууга да катышып, шаардын, мамлекеттин социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө да олуттуу салым кошушкан.

**Адабияттар:**


1. Мамбеталиева К. Быт и культура шахтеров киргизов каменноугольной промышленности Киргизии. - Ф., 1963. - С. 18.
2. Пален К.К. Отчет по ревизии Туркестанского края, вып. 2, Горное дело, СПб., 1910. - С. 346.
3. Татыбекова Ж.С. История рудника «Кызыл-Кия». - Ф., 1964. - С. 16.
4. Аттокуров С. Из истории развития промышленности Киргизской Республики (1926-1929 гг.) Ученые записки. Ист. ф-та КГУ. Вып. VI, 1958. - С. 67.
5. Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архиви. - 7-фонд, 1-тизим, 207-сактоо бирдиги, 20-б.
6. Татыбекова Ж.С. История рудника «Кызыл-Кия». - Ф., 1964. - С. 65.
7. Коммунистическая партия Киргизии в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов обкома и ЦК. Ч. 1. - Ф., 1958. - С. 402.
8. Чыймылова Б. Трудящиеся Киргизии в борьбе за выполнение второй пятилетки в области промышленности и транспорта. – Ф., 1959, - С. 23.
9. История Киргизии. - Т. II. - Ф., 1956. - С. 244.
10. Баткен областтык мамлекеттик архиви. - 16-фонд, 1-тизим, 9-сактоо бирдиги, 7-б.
11. Саясий документтердин БМА. - 56-фонд, 2-тизим, 510-сактоо бирдиги, 79-б.
12. Татыбекова Ж.С. История рудника «Кызыл-Кия». - Ф., 1964. - С. 64.
13. Момбекова Ж.К. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы. - Б., 2003. - 316-б.
14. Кадыров А. Образование местных рабочих классов и их роль в обществе на месторождении угля «Кызыл-Кия» (1900-1916 гг.). Известия вузов Кыргызстана, №7. - Бишкек, 2014. - С. 53-54.